**«ЭЛСОМ акча топтогучу. ЭЛСОМ менен топто!»**

**ЛОЯЛДУУЛУК ПРОГРАММАСЫНЫН ЭРЕЖЕЛЕРИ**

## 1. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

**Лоялдуулук программасы** – электрондук капчыктар аркылуу финансылык операцияларды жүргүзүүгө бардык ыйгарым укуктарга ээ болгон, жеке жактар Кыргыз Республикасынын резиденттери/резидент эместери үчүн Банк тарабынан өткөрүлгөн кызыктыруучу программа (мындан ары – Программа).
**Банк** – «Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы» ЖАК
**Идентификацияланган кардар** – бул идентификациялоо жол-жобосунан өткөн жана Банкка төмөндөгү документтерди берген Кардар:
- арыз;
- паспорттун көчүрмөсү.

**Программаны өткөрүү максаты** – кардарларды Элсом электрондук капчыгын колдонууга кызыктыруу жана электрондук капчыктардын калдыктарын көбөйтүү максатында электрондук капчыктардын калдыктарына бонустарды чегерүү.
**Программанын катышуучусу (Катышуучу)** – отчеттук мезгил ичинде анын электрондук капчыгындагы балансын калдыгы «ЭЛСОМ акча топтогучу. ЭЛСОМ менен топто!» лоялдуулук программасынын шарттарында көрсөтүлгөн суммадан кем эмес болгон, идентификацияланган кардар – жеке жак Элсом капчыгынын ээси, Кыргыз Республикасынын резиденти же резидент эмеси.
**Отчеттук ай** – ал аяктагандан кийин программанын катышуучусуна чегерилген бонус төлөнүп бере турган календардык ай.
**Минималдуу калдык** – эсептешүү мезгили ичинде жүргүзүлгөн финансылык транзакциялардан кийин Элсом электрондук капчыгынын балансында жеткиликтүү болгон каражаттардын минималдуу суммасы.

## 2. ПРОГРАММАНЫН ЖАЛПЫ ЖОБОЛОРУ

***2.1.*** Программа мөөнөтсүз тартипте колдонулат. Программа идентификацияланган кардарларга гана жайылтылат.

***2.2.*** Программанын катышуучуларынын укуктары жана милдеттери:

*2.2.1.* Программанын катышуучулары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген укуктарга ээ болушат жана жоопкерчиликти тартышат.

*2.2.2.* Капчыктын ар күндүк калдыгында Программа белгилеген капчыктын калдыгынын минималдуу маанисинен кем эмес жана максималдуу маанисинен көп эмес суммага ээ болгон бардык идентификацияланган кардарлар – жеке жактар Программага катышат.

*2.2.3.* Катышуучунун Программага катышууга байланыштуу өз укуктарын үчүнчү жакка (жактарга) берүүгө жана/же башкача жол менен өткөрүп берүүгө укугу жок.

*2.2.4.* Катышуучу чегерилген бонусту алуу үчүн өткөрүлүп жаткан программанын шарттарын аткарууга тийиш.

***2.3.*** Банк төмөндөгүлөр үчүн жоопкерчилик тартпайт:

*2.3.1.* Катышуучулардын ушул Эрежелерде каралган өз милдеттерин аткарбагандыгы.

***2.4.*** Программаны өткөрүүнү токтото туруу же мөөнөтүнөн мурда токтотуу Банктын Программаны токтото туруу же мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө ачык кабарлоо учуруна карата Катышуучуда пайда болгон Программанын Катышуучусуна чегерилген бонустарды алууга укук берүү зарылчылыгынан Банкты бошотпойт.

***2.5.*** Банк төмөндөгү жолдор менен Программаны өткөрүү шарттары жөнүндө Катышуучуларга маалымдоону камсыздайт:

*2.5.1.* Программа жөнүндө маалыматты www.elsom.kg Банктын интернет-сайтында жайгаштыруу;

*2.5.2.* Банктын социалдык тармактардагы расмий баракчаларына маалыматты жайгаштыруу.

## 3. ПРОГРАММАНЫ ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ

***3.1.*** Программа 2015-жылдын 01-ноябрынан тартып (кошо алганда) мөөнөтсүз тартипте колдонулат. Программанын колдонуу мөөнөтү өзгөртүлгөн учурда Банк күчүнө киргенге чейин 10 (он) күн мурун www.elsom.kg Банктын интернет-сайты аркылуу, кошумча мобилдик тиркемеде Push кабарлоолорду

жөнөтүү аркылуу жана Банктын социалдык тармактардагы расмий баракчаларына маалыматты жайгаштыруу маалымдоо менен мындай өзгөрүүлөр жөнүндө Катышуучуларга кабарлайт.

***3.2.*** Бонустарды чегерүү үчүн www.elsom.kg сайтында жайгаштырылган жана ушул Эрежелерге карата №1 Тиркеме болуп саналган «ЭЛСОМ акча топтогучу. ЭЛСОМ менен топто!» лоялдуулук программасынын шарттарын сактоо керек.

***3.3.*** Өткөн ай үчүн чегерилген бонус кийинки айдын 5ине чейин Элсом капчыгына төлөнөт. Эгерде кийинки айдын 5и жумуш эмес күн (майрам же де малыш күндөр) болуп саналса, анда төлөм кийинки айдын 5инен кийинки биринчи жумуш күнү ишке ашырылат.

***3.4.*** Чегерилген бонусту төлөп берүү ушул Эрежелердин 3.3-пунктунда көрсөтүлгөн төлөө мезгили ичинде эки аракет менен, аракеттер ортосундагы бир календардык күндөн кем эмес орто аралык менен жүргүзүлөт. Эгерде биринчи аракеттен кийин бонус кардардын капчыгына чегерилсе, анда экинчи аракет жүргүзүлбөйт. Эгерде биринчи аракеттен кийин кандайдыр бир объективдүү себептерден улам (капчык блокировкаланган, капчыктын балансы максималдуу лимитке жеткен ж.б.) бонус чегерилбей калса, анда экинчи аракет жүргүзүлөт. Эгерде экинчи аракеттен кийин бонус көрсөтүлгөн себептер боюнча чегерилбей калса, анда отчеттук ай үчүн бонустарды чегерүү жүргүзүлбөйт жана Катышуучу бул бонустун суммасын чегерүү укугун жоготот.

***3.5.*** Чегерилген бонусту төлөп берүү учурунда чегерилген бонустун суммасынан 10% өлчөмүндө киреше салыгы алынат. Бонусту төлөп берүү кармалган киреше салыгын эсептен алуу менен жүргүзүлөт.

***3.6.*** Банк өзүнө каалаган убакта ушул Эрежелерди толуктоо жана/же өзгөртүү укугун өзүнө калтырат.

## 4. КОШУМЧА ШАРТТАР

***4.1.*** Консультация алуу зарыл болгон же Катышуучуда чегерилген бонуска байланыштуу дооматтар (даттануулар) пайда болгон учурда, Катышуучу (+996 312) 62 01 01 телефону аркылуу “ЭЛСОМ” күнү-түнү кардарларды колдоо кызматына кайрылат.

***4.2.*** Программаны жүргүзүүдө пайда болгон бардык талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер мүмкүн болушунча Банк менен Катышуучунун ортосундагы түз сүйлөшүүлөр аркылуу чечилет.

***4.3.*** Пикир келишпестиктерди сүйлөшүүлөр аркылуу чечүү мүмкүн болбогондо www.elsom.kg сайтында жайгаштырылган «ЭЛСОМ кызматын көрсөтүү жөнүндө келишимди түзүүгө айкын офертада» көрсөтүлгөн «Талаш-тартыштарды чечүү тартибинин» 3.8-пунктунун 3.8.2-пунктчасы колдонулат.

***4.4.*** Программага катышуу факты Катышуучу ушул Эрежелер менен таанышканын жана ага макул экенин билдирет.

**Бекитилди:**

Башкарманын мүчөсү/
Маалыматтык ишмердүүлүк жетекчиси Хан Хаважа Калим Улла_________________

**«ЭЛСОМ акча топтогучу. ЭЛСОМ менен топто!» лоялдуулук программасынын эрежелерине карата №1 тиркеме**

**«ЭЛСОМ акча топтогучу. ЭЛСОМ менен топто!» лоялдуулук программасынын шарттары**

| | |
|---|---|
| Валюта | КР сому |
| Бонустун өлчөмү | минималдуу калдыктан жылдык 10% (200 сомдон 50 000,99 сомго чейин)<br>минималдуу калдыктан жылдык 5% (50 001 сомдон 800 000 сомго чейин) |
| Чегерүү шарттары | Кеминде бир ай ичинде минималдуу калдыкты сактоо шарттарында Кардардын капчыгындагы калдыкка бонус |
| Чегерүү ыкмасы | Эсептөөдө айдагы күндөрдүн иш жүзүндөгү саны колдонулат, жыл 365 күнгө барабар колдонулат |
| Бонусту төлөп берүү | Чегерилген бонусту төлөп берүү «ЭЛСОМ акча топтогучу. ЭЛСОМ менен топто!» лоялдуулук программасынын Эрежелеринин 3.3-пунктунда көрсөтүлгөн төлөө мезгили ичинде эки аракет менен, аракеттер ортосундагы бир календардык күндөн кем эмес орто аралык менен жүргүзүлөт.<br><br>Эгерде биринчи аракеттен кийин бонус кардардын капчыгына чегерилсе, анда экинчи аракет жүргүзүлбөйт. Эгерде биринчи аракеттен кийин кандайдыр бир объективдүү себептерден улам (капчык блокировкаланган, капчыктын балансы максималдуу лимитке жеткен ж.б.) бонус чегерилбей калса, анда экинчи аракет жүргүзүлөт. Эгерде экинчи аракеттен кийин бонус көрсөтүлгөн себептер боюнча чегерилбей калса, анда отчеттук ай үчүн бонустарды чегерүү жүргүзүлбөйт жана Катышуучу бул бонустун суммасын чегерүү укугун жоготот. |
| Бонус чегерүү үчүн минималдуу калдыкты кармап туруу мөөнөтү | айдын 1инде саат 00:00дөн баштап айдын акыркы күнүндө саат 23:59га чейин (кошо алганда) |
| Төмөндөтүлбөгөн калдыктын минималдуу суммасы | 200 сом |
| Бонус чегерүү үчүн капчыктагы максималдуу сумма | 800 000 сом |
| Кардар | Идентификацияланган кардарлар гана – жеке жактар, Элсом электрондук капчыгынын ээлери |
| Бонус чегербөө шарты | Бонус төмөндөгү учурларда чегерилбейт жана төлөнбөйт:<br>– Электрондук капчык «ЭЛСОМ акча топтогучу. ЭЛСОМ менен топто!» лоялдуулук программасынын Эрежелеринин 3.4-пунктунда көрсөтүлгөн бонусту төлөп берүү учурунда бонусту чегерүү үчүн жеткиликтүү болбосо;<br><br>– Электрондук капчык отчеттук айдын 1инен кийин катталса/ кайра катталса;<br>– Ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн себептерден улам отчеттук мезгилде ЭЛСОМ электрондук капчыгына чегерилбеген бонус жокко чыгарылат жана төлөнбөйт;<br>– Программа белгилеген капчыктын калдыгынын максималдуу маанилеринен ашып кеткен учурда. |
| Салыктар | Чегерилген бонусту төлөп берүү учурунда чегерилген бонустун суммасынан 10% өлчөмүндө киреше салыгы алынат. Бонусту төлөп берүү кармалган киреше салыгын эсептен алуу менен жүргүзүлөт. |
| Бонустук программанын колдонуу мөөнөтү | Мөөнөтсүз |